УДК 7:7.096.

Илипбаев Т.К.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ЫСЫК-КӨЛ ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮСҮ: КЕЧЭЭ ЖАНА БҮГҮН

Массалык маалымат каражаттарынын эркин өнүгүшүнө укуктук жана мыйзам тарабынан кеңири жол ачылгандан тартып, Ысык-Көл облусунда да жеке менчик жана мамлекеттик телерадио компаниялар  ачылып, практикалана баштаган.

Ысык-Көл облусунда болуп жаткан ар тараптуу жаңылыктар, коомдук-саясий жана маданий иш-чаралар жана ушул сыяктуу көптөгөн программаларды Кыргыз телерадиокомпаниясынын облустук филиалы болгон «Ысык-Көл» ТРКсы ишке ашырган.

**«Ысык-Көл» ТРК**сы - облустагы алгачкы мамлекеттик телерадиокомпания. Тарыхый булактарга таянсак, анын башталышы 1932-жылы түзүлгөн радиотүйүндөн башталат [2].  1981-жылы областтык башкы редакция Ысык-Көл областтык аткаруу комитетинин телекерсөтүү жана радио уктуруу боюнча комитети болуп өзгөрүлүп түзүлгөн. 1992-жылдын акырында областтык комитеттин биринчи теле берүүсү эфирге чыгып, 1993-жылы апрель айында комитеттин негизинде областтык телерадиокомпания болуп түзүлгөн. Алгач телекомпаниянын төрагасы Курманалиев Зарылдык Курманалиевич  Ысык-Көл облусунун тургундарына көл кылаасында болуп жаткан жаңылыктарды  оперативдүү түрдө жеткизүү максатын койгон. Бул учурда телекомпаниянын жалпы жамааты он беш адамды түзгөн. 1993-жылы 1-июлга карата радио берүүлөрдүн көлөмү  3,5 саатты (негизинен, кыргыз тилинде жана бир программа орус тилинде), түстүү телекөрсөтүүнүн көлөмү 1,5 саатты (кыргыз тилинде) түзгөн. 1993-жылы облустук телерадиокомпаниянын төрагалыгына журналист Алыбаев Муса Ормушович дайындалган. Алгач телекомпания «ЭКО ТВ» «Экологиялык телекөрсөтүүсү» аталышына ээ болгон. Көп өтпөй эле  «Ысык-Көл» ТРКсы аталышына ээ болду. Телерадиокомпанияны түптөп, уюштурган М.Алыбаевден кийин төмөндөгү адамдар жетекчилик кылган: Мусаев Айбек Рысалиевич (2001-2002), Усенов Талант (2003), Абдулхакимов Орузбай (2004-2005), Мамбетов Кубан Жумагулович (2005-2007), Жунушалиев Турганбек Шакирович (2007-2009). Учурда телерадиокомпанияны Тайтикеев Калыбек жетектөөдө.

«Ысык-Көл ТВ» Ысык-Көл облусу боюнча эн чоң аймакты камтыган телекомпания болуп саналат, тактап айтканда, Жети-Өгүз, Ысык-Көл, Түп, Ак-Суу, Тоң райондорунун тургандарына облустагы жаңылыктарды көрсөтө алат. Облус боюнча күн сайын төрт сааттан эфир берилет. Эртең менен 8.00 ден 10.00 го чейин, кечкисин 20.00 ден 22.00го чейин. Областтык телерадиокомпаниянын телекөрсөтүү студиясы азыркы күндө Япония өндүрүшүнүн «Супер ВХС» комплексин пайдалануу менен иштеп жатат. Телекөрсөтүү Караколдогу релийкалык түйүнүнөн «Оргочор», «Чолпон-Ата», Балыкчы, «Калмак-Ашуу», андан кийин «Восточный» ретрансляторлоруна берилип, ал жерден кайра областыбызга чагылдырылып келүүдө. Бул ретрансляторлордон башка Жыргалаң, Кызыл-Суу аз кубаттуу автоматтык ретрансляторлору пайдаланылууда. 2002-жылы Ысык-Көл областтык мамлекеттик администрациясы тарабынан 2 млн. сом акча каражаты бөлүнүп берилип, «КБ Промсвязь» Алматы шаарынан чагылдыргыч (передатчик) алынып келип, «Оргочор» рилейкалык түйүнүнө орнотулган. Бул телекөрсөтүүнүн областыбыздын аймагында сапатын арттыруу менен, Ысык-Көл телерадио компаниясынын өздүк чагылдыргычка (передатчик) ээ болгондугун көргөзөт.

2007-жылы сентябрь айында «Кумтөр» алтын кенин иштетүү ишканасы тарабынан дагы бир чагылдыргыч (передатчик) Алматы шаарынан алынып, Балыкчы шаарынын «Калмак-Ашуу» релийкалык түйүнүнө коюлган.

Аймактык мамлекеттик телерадиокомпаниялар КТРдин карамагында болуп турган учурда Ысык-Көл областтык телерадио компаниясынын телекөрсөтүүсү жумасына 12 саатты түзсө, ал эми республикалык радио уктуруу 50 минутту камтыйт. Облуста болуп жаткан күндөлүк жаңылыктар менен окуяларды үзгүлтүксүз камсыз кылуу менен улуттук телерадио корпорациясынын «Ала-Тоо» жана «Ала-Тоо аймактары» программаларына да обустан алынган кабарлар даярдалып берилет. Жуманын 5-күнү жарым сааттык «Ысык-Көл көрсөтөт» программасы дагы республика боюнча көргөзүлүп келүүдө. Бүгүнкү заман агымына жараша чыгармачылык аракеттер менен телерадио компаниянын экономикалык базасын көтөрүү дагы атайын иш-пландын негизинде каралып, мамлекеттик бюджеттин республикалык каржылоосунан 31 адамга айлык, калем акы жана башка сметалык төлөмдөр жүргүзүлүп келет. 2008-жылдын бюджетинде 2295317 сом акча каражаты киргизилген. Акча каражаттары облустук мамлекеттик администрациясы тарабынан көрсөтүлгөн статьялардын багытында жылдык, кварталдык болуп бөлүнүп, бардыгы өз нугунда керектөө иштерине жумшалат. Телерадио компаниянын ишиндеги өксүк маселелерди негизинен, техникалык жабдуулар менен камсыз кылуу түзгөндүктөн, жыл сайын техникалардын тетиктерин алмаштырууга, жаңылоого басым жасалат.

Телекомпаниянын ишмердүүлүгү материалдык-техникалык базанын абалына жараша, «түз эфирлерди» уюштуруу менен чектелет. Бул багытта күн сайын областтын бардык аймактарына кабарчы, операторлор жөнөтүлүп, күндүн маанилүү болгон жаңылыктарын, окуяларын чагылдырып элге жеткирүү менен бирге, автордук программалар уюштурулат.

«Ысык-Көл» ТРКсы түзүлгөндөн тартып регулярдуу түрдө көргөзүлүп келе жаткан программалар бүгүнкү күнгө чейин эфирде көрсөтүлөт. Алардын катарында атайын аталышка ээ автордук программалар дагы бар. Мисалы:

| | |
|---|---|
| **«Кабарлар»** | **Облустун район шаарларынан тартылып алынган сюжеттер жана күтүүсүз окуялар чагылдырылат. Күн сайын. Хронометражы 20-30 мүнөт** |
| **Жума жыйынтыгы** | **Апта ичинде көргөзүлгөн, эң эле эффективдүү деп табылган саналуу кабарларды жума күнү эфирде кайталоо. Хронометраж - 30 мүнөт.** |
| **Спорт жаңылыктары** | **«Кабарлар» маалыматтык программасынан кийин көргөзүлөт. Күн сайын. Хронометраж 3-5 мүнөт.** |
| **«Жан-Дүйнө»** | **Журналист Жунушалиев Турганбектин алып баруусундагы автордук программа. Коомдогу чыгармачыл адамдардын өнөрүн көргөзүү. Алар менен сырдашып, өнөрпоздорду Эл алдына таанытуу.** |
| **«Тараза»** | **Журналист Жунушалиев Турганбектин алып баруусундагы автордук программа. Коомдогу адамдардын ортосундагы келишпестик маселелерди чагылдыруу. Бул программа Жолголот айылына суу тартып келүүгө, Жети-Өгүз районундагы кирпич заводунун туура жолго түшүүсүнө чоң таасирин тийгизген.** |
| **«Өнөр дүйнөсүндө»** | **Журналист Маданбеков Таалайдын алып баруусундагы автордук программа. Аты айтып тургандай эле, өнөрлүү адамдар тууралуу чагылдырылат. 2009-жылдан тартып программаны Мирзат Муканов алып барып калды.** |

| | |
|---|---|
| **«Мөөрөй»** | **Журналист Маданбеков Таалайдын алып баруусундагы автордук программа. Атайын эки жаат болуп түзүлгөн тайпалардын мелдешин талаш-тартышын чагылдыруу.** |
| **«Күйдүргү күлкү»** | **Журналист Апазов Жыргалбектин көңүл ачуу багытындагы автордук программасы. Күнүмдүк турмуштан алынган пародиялар** |
| **«Табиятка тагдырлашпыз»** | **Кабарчы Сагындыкова Жанаранын алып баруусундагы автордук программа. Жаратылышты коргоо. Аны туура пайдалануу. Браконьерликке каршы күрөшүү. Табият менен таттуу мамиледе болуу ж.у.с. темадагы берүүлөр.** |
| **«Ишембилик кеч»** | **Кабарчы Асанов Нурландын алып баруусундагы автордук программа. Ар кайсы темага арналган (белгилүү адамдар менен маек куруу, кандайдыр бир маданий чыгармачыл топ ж.б.у.с.) маданий берүү. Ар ишемби сайын. Кийинки күндөрү (Асангазиева Тумара, Муканов Мирзат, Илипбаев Таалайбек сыяктуу) жаш кабарчылар бул программаны эфирге алып чыгууга көмөктөшүүдө.** |
| **«Күл-Бөбөк»** | **Кенже жаштагы бөбөктөрдүн алып баруусундагы кичинекей балдарга ылайыкташтырылган берүү. Ар жума сайын даярдап эфирге алып чыга турган программанын автору - Асанов Нурлан.** |
| **«Эстешели, замандаш»** | **Өнөрлүү адамдар туурасында, же болбосо өз учурунда элдин алкоосуна ээ болгон инсандар туурасында маэк куруу.** |
| **«Ыр белек»** | **Күн сайын куттуктоо иретинде берилип туруучу музыкалык куттуктоо программасы. Алып баруучулары - Асангазиева Тумара, Сарыкеева Салтанат.** |

Мындан тышкары, дагы регулярдуу түрдө берилбеген программалар «Айыл ажары», «Асыл кеч» «Жашооң кандай, студент» жана «Журналистер үйү» коомдук бирикмеси менен бирдикте «Мен жашмын» түз эфирдик берүүсү орус, кыргыз тилинде берилет. Телекомпаниянын финансылык-чарбалык ишмердүүлүгүн жакшыртуу максатында түрдүү форматтагы жарнамалар (реклама) берилет (роликтик реклама, чуркап туруучу саптар).

КРнын Президентинин 2008-жылдын 4-сентябрындагы (№317) «КРнын Улуттук телерадиокорпорациясын реформалоо боюнча кээ бир чаралар жөнүндө» жарлыгынын негизинде, Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын башка түзүмдөрүнүн ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу, өлкөнүн калкын обьективдүү жана ар тараптуу маалыматка болгон керектөөлөрүн андан ары канааттандыруу максатында регионалдык телерадиокомпаниялар УТРКдан бөлүнүп, Кыргыз Республикасынын маданият жана маалымат министрлигинин карамагына берилген. Мына ушул жарлыктан кийин мамлекеттик аймактык телерадиокомпаниялар УТРКга көз каранды болбой, маданият жана маалымат министрлигинин жетекчилиги астында иш алып барып келет. Буга чейин жумасына 45 мүнөттүк «Ысык-Көл көргөзөт» маалыматтык программасы мындан ары УК ТР телеканалынан чыгарылбайт. Негизинен облустук телерадиокомпаниянын өз алдынча иш алып баруусу анын чыгармачылык тармакта иш алып баруусуна жол ачкандыгы менен, республикалык масштабда программаларын чагылдырууга бөгөт коюлду десек болот. Аталган нормативдик актыга ылайык, регионалдык мамлекеттик телерадиокомпаниялар уставын жана жоболорун кайрадан иштеп чыгуу маселеси каралган.

Көп өтпөй эле маалымат жана маданият министирлиги жоюлгандыгына байланыштуу 2009-жалдын 28-декабрнда (ПБ№ 328) Кыргыз республикасынын президенти тарабынан төмөндөгүдөй буйрук чыгарылган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 42-,47-беренелерине ылайык, облустук телерадиокомпаниялардын өлкөнүн жарандарынын объективдүү жана ар тараптуу маалыматка болгон керектөөлөрүн андан ары канааттандыруу боюнча ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу, маалыматтык коопсуздукту жана вертикалды камсыз кылуу максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн түзүмүндөгү өзгөртүүлөрдү эске алып:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2010-жылдын 1-февралына чейинки мөөнөттө облустук телерадиокомпанияларга усулдук, консультациялык жана техникалык жардам көрсөтүү функцияларын Улуттук телерадиоберүү компаниясына калтыруу менен аталган телерадиокомпанияларды облустук мамлекеттик администрациялардын карамагына өткөрүп берсин.

- облустук телерадиокомпаниялардын жоболорун, алардын түзүмдөрүн жана штаттык санын бекитүү боюнча, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин Катчылыгы менен макулдашуу боюнча жетекчилерин кызмат ордуна дайындоо жана бошотуу боюнча ыйгарым укуктарды облустук мамлекеттик администрацияларга берсин;

- ушул буйруктан келип чыккан уюштуруу, финансылык жана башка маселелерди чечсин;

- өз чечимдерин ушул буйрукка ылайык келтирсин.

2. Бул буйруктун аткарылышына контролдук кылуу милдети Кыргыз Республикасынын Президентинин Катчылыгынын басма сөз кызматына жүктөлсүн.

Бул буйруктун шарттары менен дагы «Ысык-Көл ТВ» иштегенге үлгүрдү. 2010-жылдын 7-апрелиндеги ыңкылаптан кийин президенттик секретариат жоюлду. Тагдыры тайкы облустук телерадиокомпаниялар акыркы эле беш жылдыкта УТРКнын карамагында анан маалымат жана маданият министирлигине түртүлүп, андан калса президенттин секретариятына жүктөлгөн болсо, эми таптакыр эле эч кимдин карамагында эмес. Мындай көрүнүштөр кайрадан кайталана берсе облустук телерадиокомпаниялар таптакыр эле жоюлуп же жеке менчик телерадиокомпанияларына айланып кетпестигине ким кепилдик бере алат. Кандай болгон күндө да ааламдашуу процесси кеңири кулач жайып жаткан учурда, массалык маалымат каражаттарынын ролу дагы болуп көрбөгөндөй өсүүдө. Дүйнөлүк телеканалдар жер шаарынын бардык аймактарын өз ичине камтып, керектүү маалымат менен көрүүчүлөрдү камсыз кылып турган чагы. Мындай абалда республикалык, анын ичинде регионалдык телерадиокомпаниялардын ишмердүүлүгү рыноктук шартта жашап кетүү милдеттери менен бирге, массалык маалымат каражаты катары маалымат айдыңында өз ордун табуу жана бекемдөө маселелери менен алектенүүгө мажбур болууда.

**Адабияттар**:


1. Кыргыз журналистикасынын тарыхы. Макалалар топтому. – Бишкек: КУУ, 2002.
2. «Ысык-КөлТВ» телерадиокомпаниясынын архивдик материалдары.

Ысык-Көл облустук юстиция башкармалыгынын маалымдамасы